
юнисеф
ар бир бала үчүн



Автор иллюстрации @Aizat_noma – Айзат, 23 года из Кыргызстана: «Мы все едины, мы все ответственны друг за друга!».

БАЗАЛЫК ИЗИЛДӨӨ

# КЫРГЫЗСТАН ЭЛИНИН COVID-19га БАЙЛАНЫШКАН ТАЖРЫЙБАСЫН ЖАНА АНЫ КАБЫЛ АЛУУСУН БААЛОО

БАЗАЛЫК ИЗИЛДӨӨ

# КЫРГЫЗСТАН ЭЛИНИН COVID-19га БАЙЛАНЫШКАН ТАЖРЫЙБАСЫН ЖАНА АНЫ КАБЫЛ АЛУУСУН БААЛОО

## ЭЛ АРАСЫНДА ТЕЛЕФОН АРКЫЛУУ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН СУРАМЖЫЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Декабрь 2020

юнисеф

ар бир бала үчүн

COVID-19 пандемиясы бүгүнкү күндүн башкы көйгөйлөрүнүн бири болууда. Кыргызстан эмгек мигранттарынын акча которууларына көз каранды болгон жакырчылыктын салыштырмалуу жогорку деңгээлиндеги өлкө катары тез арада чечүүнү талап кылган татаал көйгөйлөргө туш болду. Кыргыз Республикасынын өкмөтү пандемияны ооздуктоого багытталган чараларды көрдү. Бирок учурдагы эпидемиологиялык кырдаал коомдук саламаттык сактоо боюнча сунуштарды так сактоо максатында калк менен дагы да тыгыз өз ара байланышты түзүүнү талап кылып жатат.

Ушул максатта Кыргыз Республикасындагы БУУ системасынын жана өнүктүрүү боюнча башка өнөктөштөрдүн колдоосу менен Өкмөт Кыргыз Республикасынын Республикалык ыкчам штабынын жалпы жетекчилиги астында Улуттук байланыш өнөктүгүн баштады.

*Точки зрения, выраженные в данном документе, не обязательно отражают политику или позицию Детского фонда ООН. Употребляемые обозначения и изложение материала (в том числе карты) не означают выражения какого-либо мнения со стороны ЮНИСЕФ относительно правового статуса той или иной страны или территории, или их властей или делимитации их границ.*

@UNICEF, 2020

# СОДЕРЖАНИЕ


КИРИШ СӨЗ 3

I. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ 4

II. ИНДИКАТОРЛОРДУ БААЛОО 7

III. ТЫЯНАКТАР 15

IV. ТИРКЕМЕЛЕР 16

# I. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

**Изилдөөнүн максаты** - Улуттук байланыш өнөктүгүнүн жыйынтыктарын кийинчерээк өлчөө үчүн, COVID-19 менен байланышкан, мисалы, тобокелдикти кабыл алуу, коомдук саламаттык сактоо чараларын көрүү (алдын алууга байланышкан) өңдүү, мамилелерге жана жүрүм-турумдарга аң-сезимдүү же сокур сезим менен таасир этүүчү факторлорду аныктоо максатында баштапкы маалыматтарды топтоо.

Индикаторлор катары төмөнкүдөй көрсөткүчтөр колдонулат:

- COVID-19дун олуттуулугунун кабыл алуу деңгээли;
- COVID-19ду жуктуруп алуу тобокелдигин кабыл алуу деңгээли;
- COVID-19ду алдын-алуу чаралары тууралуу билимдин деңгээли;
- COVID-19дун белгилери тууралуу билимдин деңгээли.

Маалыматтарды топтоо иштери 2020-жылдын ноябрь-декабрь айларында жасалган.

## Изилдөөнүн объектиси жана предмети:

Изилдөөнүн объектиси – 18 жаштагы жана андан улуу курактагы Кыргызстандын жашоочулары.

Изилдөөнүн предмети – респонденттердин изилдөөгө алынган маселе боюнча жеке тажрыйбасына таянган пикири, баасы, ой-толгоосу.

Маалыматтар телефон аркылуу сурамжылоо ыкмасы аркылуу топтолгон.

**Изилдөөнүн географиясы:** Кыргызстандын 7 облусу жана республикалык маанидеги Бишкек жана Ош шаарлары.

Сурамжылоо кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлдү.

### Изилдөөгө катышкандар.

Изилдөөгө 1000 респондент тандалып алынды.

Сурамжылоо үчүн квота үлгүсү колдонулган. Квоталар 2019-жылдын башына карата туруктуу жашаган калктын саны жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде эсептелген[1].

1 http://www.stat.kg/ru/publications/demograficheskij-ezhegodnik-kyrgyzskoj-respubliki/

1-таблица. 18+ курактагы калкты аймактар жана жашаган жеринин тиби боюнча бөлүштүрүү

| Аймак | 2019-жылдын январь айынын башына карата 18 жаштагы жана андан улуу курактагы Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган элдин саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | N | | | % | | |
| | Жалпы калк | Шаар калкы | Элет калкы | Элдин баары | Шаар калкы | Элет калкы |
| Кыргыз Республикасы | **4 008 089** | **1 415 429** | **2 592 660** | **100%** | **35%** | **65%** |
| Баткен облусу | 317 496 | 74 195 | 243 301 | 8% | 2% | 6% |
| Жалал-Абад облусу | 743 578 | 166 511 | 577 067 | 19% | 4% | 14% |
| Ысык-Көл облусу | 309 109 | 87 458 | 221 651 | 8% | 2% | 6% |
| Нарын облусу | 173 582 | 24 130 | 149 452 | 4% | 1% | 4% |
| Ош облусу | 803 009 | 62 231 | 740 778 | 20% | 2% | 18% |
| Талас облусу | 155 288 | 26 138 | 129 150 | 4% | 1% | 3% |
| Чүй облусу | 612 341 | 103 758 | 508 583 | 15% | 3% | 13% |
| Бишкек ш. | 699 771 | 699 771 | 0 | 17% | 17% | 0% |
| Ош ш. | 193 915 | 193 915 | 0 | 5% | 5% | 0% |

Квоталар 18 жаш жана андан улуу курактагы элдин бөлүштүрүлүшүн чагылдырат:

- Облустар, Бишкек жана Ош шаарлары, жердин тиби (шаардык/элеттик) боюнча;
- Жынысы жана жаш курагы боюнча.

Мурунку изилдөөлөрдүн тажрыйбасына таянсак, Бишкек шаарындагы жыйынтыктар Кыргызстандын башка аймактарындагы жыйынтыктардан бир кыйла айырмаланышы мүмкүн. Ошондуктан Бишкек шаарындагы жыйынтыктарды баалоо үчүн ЮНИСЕФ менен макулдашуу боюнча ылгап алуунун орду көчүрүлгөн: Бишкек шаарындагы респонденттердин саны Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарынын айыл аймактарында респонденттердин санынын азайышынын эсебинен көбөйтүлгөн.

2-таблица. Ылгап алууну аймактар жана жердин тиби боюнча бөлүштүрүлүшү

| | Пропорционалдуу ылгап алуу | | | Көчүрүлгөн ылгап алуу | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы калк | Шаар калкы | Элет калкы | Элдин баары | Шаар калкы | Элет калкы |
| Кыргыз Республикасы | 1000 | 359 | 641 | 1000 | 434 | 566 |
| Баткен облусу | 79 | 18 | 61 | 79 | 18 | 61 |
| Жалал-Абад облусу | 186 | 42 | 144 | 168 | 42 | 126 |
| Ысык-Көл облусу | 77 | 22 | 55 | 77 | 22 | 55 |
| Нарын облусу | 43 | 6 | 37 | 43 | 6 | 37 |
| Ош облусу | 201 | 16 | 185 | 146 | 16 | 130 |
| Талас облусу | 38 | 6 | 32 | 38 | 6 | 32 |
| Чүй облусу | 153 | 26 | 127 | 151 | 26 | 125 |
| Бишкек ш. | 175 | 175 | 0 | 250 | 250 | 0 |
| Ош ш. | 48 | 48 | 0 | 48 | 48 | 0 |

3-таблица. Башкы жыйындынын жана ылгап алуунун жынысы жана жаш курагы боюнча бөлүштүрүлүшү.

| Жаш курагы боюнча топтор | Туруктуу жашаган элдин саны | | | | | | Ылгап алуу | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | N | | | % | | | | | |
| | эки жыныс тең | эркек | аял | эки жыныс тең | эркек | аял | эки жыныс тең | эркек | аял |
| **Баары** | 4 008 089 | 1 950 856 | 2 057 233 | 100% | 49% | 51% | 1000 | 486 | 514 |
| **18-29** | 1 311 557 | 667 380 | 644 177 | 33% | 17% | 16% | 327 | 166 | 161 |
| **30-39** | 953 896 | 478 182 | 475 714 | 24% | 12% | 12% | 238 | 119 | 119 |
| **40-49** | 671 759 | 328 449 | 343 310 | 17% | 8% | 9% | 168 | 82 | 86 |
| **50-59** | 570 264 | 268 679 | 301 585 | 14% | 7% | 8% | 142 | 67 | 75 |
| **60+** | 500 613 | 208 166 | 292 447 | 12% | 5% | 7% | 125 | 52 | 73 |

Жалпыланган маалыматтарды алууда башкы жыйынды структураны калыбына келтирүү үчүн аймак, аймактын түрү, жынысы жана жашы боюнча салмак коэффициенттер эсептелген. Себеби ылгап алуу аймактар боюнча көчүрүлгөн жана аймактык, жыныс-жаш курак квоталардан көз карандысыз болгон. Салмактык коэффициенттерди эсептөө үчүн 2020-жылдын январь айынын башына карата калктын саны жөнүндө маалыматтар колдонулган, ал маалыматтар отчетту даярдап жаткан учурда ачык жарыяланган.

### Ылгап алуу кантип ишке ашты?

Респонденттерди тандоо “Ребикон” компаниясынын колунда болгон телефон номерлеринин тизмесинен төмөнкүдөй болуп ишке ашты:

a. Туш келди тандоону камсыз кылуу үчүн, тизмедеги ар бир телефон номерине кокус номер берилет.

b. Сандардын тизмеси кокусунан дал келген сандардын өсүү тартибинде иргелет.

c. Телефон номерлерге чалуу ирети менен жүргүзүлөт.

# II. ИНДИКАТОРЛОРДУ БААЛОО

### 1-индикатор. COVID-19дун олуттуулугун кабыл алуу деңгээли.


Олуттуулуктун кабыл алынган деңгээлин баалоо үчүн респонденттерге мындай суроо берилген: *"Сизге COVID-19ду жуктуруп алуу канчалык оор болмок (кандай деп ойлойсуз, канчалык деңгээлде катуу ооруп калам деп ойлойсуз)?"*

Баалоо беш баллдык шкала боюнча жасалган:

1. Такыр оор эмес;
2. Бир аз оор;
3. Бир кыйла оор;
4. Орточо оор;
5. Өтө оор.


Изилдөөнүн жыйынтыктары калктын COVID-19ду жуктуруп алуунун олуттуулугун бир кыйла жогорку деңгээлде кабылдай турганын көрсөттү. Калктын көпчүлүгү (72%) инфекция жуккан учурда оорунун олуттуулугун (оорчулугун) оор деп баалашат (31%- орто деңгээлде, 41%- өтө оор).

1-диаграмма. Сизге COVID-19ду жуктуруп алуу канчалык оор болмок (кандай деп ойлойсуз, канчалык деңгээлде катуу ооруп калам деп ойлойсуз)?




Индикатор жыныс боюнча өтө чоң айырмаларга ээ эмес.


COVID-19дун олуттуулугун кабыл алууну баалоо жердин тибине жараша бир топ өзгөрөт. Шаардык калктын 63% оорунун олуттуулугун оор деп баалашат, ал эми айылдарда бул көрсөткүч 77% түздү.




2-диаграмма. Жердин тибине жараша олуттуулукту кабыл алуу деңгээлин баалоо


Шаар менен айылдын ортосундагы баалоодогу айырмачылыктар негизинен Бишкек шаарындагы жыйынтыктар менен шартталган. Алар башка региондордогу жыйынтыктардан айырмаланып турат. Бишкек шаарындагы көрсөткүчтүн мааниси 55 пайызды түздү, ал эми башка шаарларда жана айылдык аймактарда баалоо бөлүштүрүү тиешелүүлүгүнө жараша 71% жана 77% түздү.

3-диаграмма. Бишкек ш. жана жердин тиби боюнча олуттуулукту кабыл алуу деңгээлине берилген баа




Көрсөткүчтөгү олуттуу айырмачылыктар жаш курагына жараша аныкталды: жаш өткөн сайын олуттуулукту кабыл алууга берилген баа да жогорулайт. Мындай жыйынтык мыйзам ченемдүү. Себеби улгайган адамдарда COVID-19дан кийин ден соолук начарлайт деген тобокелдик жаш жана орто жаштагы адамдарга караганда кыйла жогору. Оорунун олуттуулугун оор деп бааласан 18-29 жаштагы жаштардын үлүшү 65 пайызды түздү, ал эми улуу курактагы топтордо (50 жаш жана андан жогору)- 82%.

4-диаграмма. Жаш курак боюнча олуттуулукту кабыл алуу деңгээлин баалоо




**2-индикатор. COVID-19 жуктуруп алуу тобокелдигин кабыл алуу деңгээли.**


COVID-19ду жуктуруп алуу тобокелдигинин деңгээлин баалоо үчүн респонденттерге мындай суроо узатылган: *"Келечекте COVID-19ду жуктуруп аласыз деген ыктымалдуулук канчалык?".*

Баалоо беш баллдык шкала боюнча жасалган:

1. Өтө аз;
2. Ыктымалдуулугу аз;
3. Так айта албайм/Билбейм;
4. Болушу мүмкүн;
5. Ыктымалдуулук жогору.

Кыргызстанда COVID-19ду жуктуруп алуунун кабыл алынган тобокелдигинин деңгээли бир кыйла жогору. Жуктуруп алышым мүмкүн деп ойлогондордун үлүшү 57% түздү, ал эми 10% мындай ыктымалдуулукту өтө жогору деп баалашат.

5-диаграмма. Келечекте COVID-19ду жуктуруп аласыз деген ыктымалдуулук канчалык?



Белгилей кетүүчү нерсе, оорудан айыккандардын арасында COVID-19ду жуктуруунун кабыл алынган тобокелдигинин деңгээли жогору. Алардын 61% инфекцияны жуктурушу мүмкүн деп эсептешет, ал эми 11% ыктымалдуулукту жогору деп баалашат.

Респонденттердин демографиялык параметрлери боюнча индикаторду баалоодо олуттуу айырмачылыктар болгон жок.

### 3-индикатор. COVID-19дун алдын-алуунун чаралары тууралуу билим деңгээли.

COVID-19дун алдын-алуу чаралары жөнүндө билим деңгээлин баалоо үчүн респонденттерге суроо берилген: *"COVID-19дун жайылышын болтурбоо үчүн Кыргызстандын жашоочулары кандай чараларды көрүшү керек?».*

Респонденттер интервьюердин жардамын албастан, өз алдынча жооп беришти.

Калктын басымдуу көпчүлүгү (98,6%) COVID-19дун алдын-алуу чаралары жөнүндө билишет[2]. Калктын 1% гана билбейт, ал эми 0,4% андай чаралар жок деп эсептешет.

Калктын басымдуу бөлүгү билген 2 алдын-алуу чараларына төмөнкүлөр кирет:

- Колду суу же дезинфекциялоочу каражат менен тез-тез жууп туруу- 82%
- Эл көп жүргөн жерде беткап тагынуу- 77%.

Ушул COVID-19дун алдын-алуу чараларын санап берген калктын үлүшү респонденттердин бардык параметрлери боюнча олуттуу айырмачылыктарга ээ эмес.

Профилактикалык иш-чаралардын экинчи тобуна төмөнкүлөр кирди:

- Коомдук жайларга / иш-чараларга барбай туруу- 47%
- Социалдык аралыкты сактоо- 40%.

COVID-19дун алдын-алуу чарасы катары социалдык аралыкты мисал катары келтиргендердин ичинен Бишкек шаарынын жана башка региондордун жашоочулары ортосунда бир топ айырмачылыктар бар экенин белгилей кетүү керек. Бул чарадан кабардар болгон бишкектиктердин үлүшү 56% түзөт, ал эми башка аймактарда бул кыйла төмөн- 37%.

COVID-19дун алдын-алуу боюнча башка чаралар азыраак айтылган- 10% же андан аз. Айтылган чаралардын ичинен бешинчи орунда (10%) COVID-19 жайылуусунун алдын-алуу үчүн сергек жашоо образы сунушу бар- иммундук системаны чыңдоо, витаминдерди колдонуу, туура тамактануу, спорт менен машыгуу сунуштары берилген.

Калктын 8% гана COVID-19дун жайылышын болтурбоо чараларынын бири катары оорунун белгилери бар адамдар өзүн обочодо кармашы керек деп эсептешет. Болгондо да Бишкекте бул көрсөткүч 16%, ал эми башка аймактарда- 7% түзөт.


Изилдөөнүн жыйынтыктары COVID-19дун алдын-алуунун төмөнкү жолдору жөнүндө өтө төмөн маалымдуулукту көрсөттү:

- Жөтөлгөндө же чүчкүргөндө оозду жана мурунду чыканак менен, же кол аарчы менен жабыш керек- 3%;
- Көздү, оозду же мурунду кармалабаш керек- 2%.

2 Бул контекстте маалымдуулук эч кимдин жардамысыз айта салуу деген мааниде берилди

Болгондо да жөтөлгөндө же чүчкүргөндө оозун жана мурдун чыканагы же кол аарчы менен жабыш керек дегендердин үлүшү Бишкекте 13% түзсө, калган аймактарда 1% түздү. Ушундай эле олуттуу айырмачылыктар көздү, оозду же мурунду кармалабаш керектиги жөнүндө сөз болгондо белгиленген: Бишкек шаары- 8%, башка аймактар- 0,5%.

6-диаграмма. Сураныч, COVID-19дун жайылышынын алдын-алуу үчүн Кыргызстандын жашоочулары көрүшү керек болгон чараларды атаңыз?




**4-индикатор. COVID-19дун белгилери тууралуу билимдин деңгээли.**

COVID-19дун белгилери жөнүндө билим деңгээлин баалоо үчүн респонденттерге суроо берилген: "COVID-19дун кандай белгилерин билесиз?". Респонденттер интервьюердин жардамын албастан, өз алдынча жооп беришти.

COVID-19дун жок дегенде бир белгисин респонденттердин 2% гана атай алышкан жок.

Көбүрөөк саналган белгилерди шарттуу түрдө 5 топко бөлүүгө болот.


1. COVID-19дун эң белгилүү симптому – бул дене табынын көтөрүлүшү. Бул тууралуу калктын басымдуу бөлүгү билишет- 90%.
2. Экинчи топтун белгилерин санагандар кыйла көбүрөөк: кургак жөтөл- 52%, жыт жана даам жоготуу- 49%. COVID-19дун симптому катары кургак жөтөл улгайган курактагы топторго жакшы белгилүү. Ошентип, бул симптомду белгилеген 18-29 жаштагы жаштардын үлүшү 47 пайызды түзсө, 60 жаш жана андан жогору курактагылардын арасында көрсөткүч 61 пайызды түздү.
3. Жыттын жана даамдын жоголушун белги катары атаган жагынан алып караганда Бишкек шаарынын жана башка региондордун жашоочулары ортосунда олуттуу айырмачылык бар- тиешелүүлүгүнө жараша 73% жана 44%.
4. Үчүнчү топко чарчоо (30%) жана кыйналып дем алуу/энтигүү (29%) кирет. Кыйналып дем алууга/энтигүүгө токтолсок, бул симптом шаар жеринде белгилүү (39%), ал эми айыл жеринде бул симптомду айткандардын үлүшү 24% гана түзгөн.

5. Төртүнчү топко баш оору (18%), ар кандай оору сезимдер (14%), тамактын оорусу/тамактын кычышуусу (14%) сыяктуу белгилер кирет. Белгилей кетүүчү нерсе, оору жөнүндө сөз кылганда, респонденттер муун оорусун көп айтышкан.
6. Бешинчи топко 10 пайыздан азыраак айтылган симптомдор кирди. Мисалы, көкүрөктүн кысылып, же ооруксунушу (9%), ич өтүү (4%), териге майда жаралардын чыгышы же кол менен буттун түсүнүн өзгөрүшү (4%), табиттин жоголушу (4%), сасык тумоонун белгилери (4%), тердөө (2%).

COVID-19дун жогоруда айтылган белгилеринин орточо саны 3.3 симптомду түздү. Бишкек шаарынын тургундары көбүрөөк кабардар, алар орто эсеп менен 3,9 симптомду аташты, ал эми башка региондордун жашоочулары орто эсеп менен 3,2 симптомду белгилешти.

Белгилей кетүүчү нерсе, COVID-19 менен ооруган адамдардын симптомдору жөнүндө кабардар болуу оорубаган адамдардын жыйынтыктарынан ашып түшөт. Ошентип, COVID-19дан айыккандар орточо 4.1 симптомду, ал эми оорубагандар 3.1 симптомду аташкан.

7-диаграмма. COVID-19дун кандай белгилерин билесиз?



# III. ТЫЯНАКТАР

COVID-19 тажрыйбасы жана аны кабыл алуу боюнча Кыргыз Республикасынын калкын телефон аркылуу сурамжылоо төмөнкү натыйжаларды көрсөттү:

### 1-индикатор. COVID-19дун олуттуулугун кабыл алуу деңгээли.

- COVID-19 илдетин жуктуруп алуу олуттуулугун кабыл алуу деңгээли Кыргызстан эли арасында жогору. Калктын көпчүлүгү (72%) эгер оору жуккан болсо, анда анын олуттуулугун оор деп баалашат.

### 2-индикатор. COVID-19 жуктуруп алуу тобокелдигин кабыл алуу деңгээли.

- Кыргызстанда COVID-19ду жуктуруп алуунун кабыл алынган тобокелдигинин деңгээли бир кыйла жогору. Жуктуруп алышым мүмкүн деп ойлогондордун үлүшү 57% түздү, ал эми 10% мындай ыктымалдуулукту өтө жогору деп баалашат. Оорудан айыккандардын арасында да индикатор жогору – 61%.

### 3-индикатор. COVID-19дун алдын алуунун чаралары тууралуу билим деңгээли.

- Калктын басымдуу көпчүлүгү COVID-19 вирусунун жайылышына жол бербөө чаралары жөнүндө билишет. Эң белгилүү сактык чараларына суу менен кол жууп туруу/дезинфекциялоо (82%) жана башка адамдардын арасында беткап тагынуу кирет (77%). Башка алдын-алуу чаралары азыраак айтылган.

### 4-индикатор. COVID-19дун белгилери тууралуу билимдин деңгээли.

- Калктын басымдуу бөлүгү (98%) COVID-19дун белгилери жөнүндө билишет. Ошол эле учурда COVID-19дун эң белгилүү симптому- бул дене табынын көтөрүлүшү. Бул тууралуу калктын 90% билишет. Башка белгилерди азыраак айтышкан.
- Демографиялык топтордун жыйынтыктарын талдоодо, көпчүлүк көрсөткүчтөрдө Бишкек шаарынын жашоочулары менен башка региондордун жашоочуларынын баалоолорунун ортосунда олуттуу айырмачылыктар аныкталды. Ошентип, COVID-19 инфекциясын жуктуруп алуунун олуттуулугун кабыл алуу деңгээли Бишкек шаарында 55 пайызды, калган аймактарда 76 пайызды түздү. Бишкек шаарынын тургундарынын COVID-19дун профилактикалык иш-чаралары жана симптомдору жөнүндө маалымдуулугу башка региондордун жашоочуларынан дагы жогору.
- Коммуникациялык стратегиялардын иш-чараларын пландаштырууда демографиялык топтордогу көрсөткүчтөрдү баалоодо аныкталган айырмачылыктар эске алынышы керек.

# IV. ТИРКЕМЕЛЕР

### 1-индикатор. COVID-19дун олуттуулугун кабыл алуу деңгээли.

Сизге COVID-19ду жуктуруп алуу канчалык оор болмок (кандай деп ойлойсуз, канчалык деңгээлде катуу ооруп калам деп ойлойсуз)?[3]

| | | Баары | Такыр оор эмес | Бир аз оор | Бир кыйла оор | Орточо оор | Өтө оор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | | **100%** | **7%** | **9%** | **12%** | **31%** | **41%** |
| Аймактар | Бишкек шаары | 100% | 17% | 12% | 15% | 30% | 25% |
| | Ош шаары | 100% | 9% | 7% | 4% | 21% | 58% |
| | Баткен облусу | 100% | 4% | 9% | 15% | 40% | 32% |
| | Жалал-Абад облусу | 100% | 4% | 4% | 16% | 36% | 39% |
| | Ысык-Көл облусу | 100% | 4% | 7% | 2% | 40% | 47% |
| | Нарын облусу | 100% | 0% | 15% | 0% | 32% | 53% |
| | Ош облусу | 100% | 5% | 5% | 18% | 20% | 52% |
| | Талас облусу | 100% | 5% | 12% | 5% | 38% | 41% |
| | Чүй облусу | 100% | 5% | 16% | 6% | 32% | 40% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 100% | 12% | 11% | 14% | 28% | 35% |
| | Айыл | 100% | 4% | 8% | 11% | 33% | 44% |
| Жынысы | Эркек | 100% | 7% | 8% | 13% | 31% | 40% |
| | Аял | 100% | 7% | 10% | 10% | 31% | 42% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 100% | 10% | 12% | 12% | 32% | 33% |
| | 30-39 | 100% | 7% | 11% | 11% | 34% | 36% |
| | 40-49 | 100% | 5% | 7% | 15% | 31% | 41% |
| | 50-59 | 100% | 6% | 4% | 9% | 27% | 55% |
| | 60+ | 100% | 2% | 6% | 9% | 29% | 54% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 100% | 17% | 12% | 15% | 30% | 25% |
| | Башка аймактар | 100% | 5% | 9% | 11% | 31% | 45% |
| B1. COVID-19 менен оорудуңуз беле? | Ооба | 100% | 10% | 10% | 11% | 39% | 31% |
| | Жок | 100% | 6% | 10% | 12% | 28% | 43% |
| | Айта албайм | 100% | 6% | 4% | 9% | 38% | 42% |

3 Кээ бир катарларда 100% бааланган сумманын теңсиздиги тегеректөө катасынан улам келип чыккан

**2-индикатор. COVID-19 жуктуруп алуу тобокелдигин кабыл алуу деңгээли.**

Келечекте COVID-19ду жуктуруп алуу ыктымалдуулугу канчалык деп ойлойсуз?

| | | Баары | Өтө эле аз | Аз | Айта албайм/ билбейм | Ыктымалдуулук бар | Ыктымалдуулук жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | | **100%** | **10%** | **21%** | **11%** | **47%** | **10%** |
| Аймактар | Бишкек шаары | 100% | 8% | 20% | 18% | 43% | 12% |
| | Ош шаары | 100% | 18% | 8% | 0% | 53% | 21% |
| | Баткен облусу | 100% | 15% | 34% | 8% | 37% | 6% |
| | Жалал-Абад облусу | 100% | 11% | 15% | 14% | 45% | 15% |
| | Ысык-Көл облусу | 100% | 9% | 15% | 12% | 52% | 13% |
| | Нарын облусу | 100% | 0% | 30% | 21% | 48% | 0% |
| | Ош облусу | 100% | 16% | 25% | 10% | 43% | 7% |
| | Талас облусу | 100% | 3% | 22% | 3% | 65% | 7% |
| | Чүй облусу | 100% | 4% | 23% | 9% | 56% | 8% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 100% | 9% | 18% | 14% | 45% | 14% |
| | Айыл | 100% | 10% | 23% | 10% | 48% | 9% |
| Жынысы | Эркек | 100% | 13% | 20% | 12% | 45% | 11% |
| | Аял | 100% | 8% | 22% | 11% | 49% | 10% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 100% | 12% | 23% | 13% | 42% | 10% |
| | 30-39 | 100% | 8% | 15% | 10% | 55% | 12% |
| | 40-49 | 100% | 12% | 19% | 10% | 50% | 9% |
| | 50-59 | 100% | 9% | 20% | 12% | 47% | 12% |
| | 60+ | 100% | 8% | 33% | 12% | 41% | 7% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 100% | 8% | 20% | 18% | 43% | 12% |
| | Башка аймактар | 100% | 10% | 22% | 10% | 48% | 10% |
| B1. COVID-19 менен оорудуңуз беле? | Ооба | 100% | 9% | 17% | 12% | 50% | 11% |
| | Жок | 100% | 10% | 24% | 11% | 45% | 10% |
| | Айта албайм | 100% | 8% | 9% | 10% | 59% | 13% |

### 3-индикатор. COVID-19дун алдын алуунун чаралары тууралуу билим деңгээли.

COVID-19дун жайылышын болтурбоо үчүн Кыргызстандын жашоочулары кандай чараларды көрүшү керек?

| | | Колду самын менен тез-тез жууп туруш керек же спирт кошулган каражат менен дезинфекциялап туруу зарыл | Социалдык аралыкты сакташ керек | Башкалардын жанында беткап тагыныш керек | Көздү, оозду же мурунду кармалабаш керек |
|---|---|---|---|---|---|
| **Всего** | | **82%** | **40%** | **77%** | **2%** |
| Аймактар | Бишкек шаары | 81% | 56% | 83% | 8% |
| | Ош шаары | 75% | 38% | 71% | 1% |
| | Баткен облусу | 85% | 40% | 69% | 0% |
| | Жалал-Абад облусу | 82% | 33% | 75% | 0% |
| | Ысык-Көл облусу | 87% | 44% | 76% | 0% |
| | Нарын облусу | 90% | 44% | 74% | 2% |
| | Ош облусу | 82% | 36% | 76% | 1% |
| | Талас облусу | 80% | 28% | 75% | 0% |
| | Чүй облусу | 79% | 36% | 78% | 0% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 80% | 48% | 79% | 5% |
| | Айыл | 83% | 36% | 75% | 0% |
| Жынысы | Эркек | 79% | 41% | 76% | 1% |
| | Аял | 84% | 39% | 77% | 2% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 79% | 40% | 79% | 2% |
| | 30-39 | 87% | 41% | 73% | 1% |
| | 40-49 | 84% | 42% | 72% | 1% |
| | 50-59 | 78% | 37% | 77% | 3% |
| | 60+ | 83% | 41% | 82% | 2% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 81% | 56% | 83% | 8% |
| | Башка аймактар | 82% | 37% | 75% | 0,5% |
| B1. COVID-19 менен оорудуңуз беле? | Ооба | 85% | 45% | 78% | 3% |
| | Жок | 81% | 39% | 76% | 2% |
| | Айта албайм | 82% | 43% | 76% | 1% |

COVID-19дун жайылышын болтурбоо үчүн Кыргызстандын жашоочулары кандай чараларды көрүшү керек?

| | | Жөтөлгөндө же чүчкүргөндө оозду жана мурунду чыканак менен, же кол аарчы менен жабыш керек | Коомдук жайларга / иш-чараларга барбай туруш керек | Ооруп жатсаңыз үйдөн чыкпаш керек | Дене табы көтөрүлүп, жөтөлүп же энтиксе медициналык жардам сурап кайрылыш керек |
|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | | **3%** | **47%** | **8%** | **2%** |
| Аймактар | Бишкек шаары | 13% | 42% | 16% | 4% |
| | Ош шаары | 4% | 24% | 7% | 7% |
| | Баткен облусу | 0% | 54% | 2% | 1% |
| | Жалал-Абад облусу | 0% | 51% | 2% | 0% |
| | Ысык-Көл облусу | 0% | 54% | 3% | 1% |
| | Нарын облусу | 2% | 56% | 16% | 2% |
| | Ош облусу | 1% | 43% | 9% | 3% |
| | Талас облусу | 2% | 54% | 10% | 2% |
| | Чүй облусу | 0% | 49% | 11% | 3% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 7% | 44% | 11% | 4% |
| | Айыл | 0% | 49% | 7% | 2% |
| Жынысы | Эркек | 2% | 42% | 8% | 2% |
| | Аял | 3% | 52% | 9% | 3% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 2% | 42% | 8% | 3% |
| | 30-39 | 2% | 48% | 10% | 1% |
| | 40-49 | 2% | 49% | 6% | 1% |
| | 50-59 | 7% | 51% | 11% | 5% |
| | 60+ | 2% | 49% | 8% | 4% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 13% | 42% | 16% | 4% |
| | Башка аймактар | 1% | 48% | 7% | 2% |
| B1. COVID-19 менен оорудуңуз беле? | Ооба | 6% | 56% | 15% | 3% |
| | Жок | 2% | 45% | 7% | 3% |
| | Айта албайм | 1% | 46% | 9% | 0% |

COVID-19дун жайылышын болтурбоо үчүн Кыргызстандын жашоочулары кандай чараларды көрүшү керек?

| | | Мындай чаралар жок | Жооп бере албайм | Сергек жашоо образы | Башкасы |
|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | | **0,4%** | **1%** | **10%** | **7%** |
| Аймактар | Бишкек шаары | 1% | 1% | 7% | 6% |
| | Ош шаары | 0% | 3% | 13% | 7% |
| | Баткен облусу | 0% | 0% | 18% | 13% |
| | Жалал-Абад облусу | 0% | 2% | 8% | 9% |
| | Ысык-Көл облусу | 0% | 0% | 7% | 8% |
| | Нарын облусу | 0% | 0% | 7% | 6% |
| | Ош облусу | 1% | 1% | 15% | 7% |
| | Талас облусу | 0% | 0% | 0% | 3% |
| | Чүй облусу | 0% | 1% | 9% | 5% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 1% | 2% | 10% | 9% |
| | Айыл | 0% | 1% | 10% | 6% |
| Жынысы | Эркек | 0% | 1% | 10% | 8% |
| | Аял | 1% | 1% | 10% | 6% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 1% | 0% | 10% | 8% |
| | 30-39 | 0% | 1% | 8% | 7% |
| | 40-49 | 0% | 2% | 12% | 5% |
| | 50-59 | 1% | 2% | 9% | 7% |
| | 60+ | 0% | 0% | 11% | 9% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 1% | 1% | 7% | 6% |
| | Башка аймактар | 0% | 1% | 11% | 7% |
| B1. COVID-19 менен оорудуңуз беле? | Ооба | 0% | 1% | 9% | 5% |
| | Жок | 1% | 1% | 9% | 7% |
| | Айта албайм | 0% | 1% | 22% | 11% |

### 4-индикатор. COVID-19дун белгилери тууралуу билимдин деңгээли.

COVID-19дун кандай белгилерин билесиз?

| | | Дене табы көтөрүлөт | Кургак жөтөл | Жыт жана даам жоголот | Ар кайсы жер ооруксунуп турат | Тамак ооруйт/ тамак кычышат | Ич өтүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баары | | 90% | 52% | 49% | 14% | 14% | 4% |
| Аймактар | Бишкек шаары | 93% | 53% | 73% | 18% | 18% | 6% |
| | Ош шаары | 92% | 44% | 62% | 27% | 10% | 3% |
| | Баткен облусу | 87% | 53% | 52% | 15% | 13% | 3% |
| | Жалал-Абад облусу | 87% | 47% | 39% | 9% | 15% | 7% |
| | Ысык-Көл облусу | 86% | 47% | 49% | 16% | 14% | 5% |
| | Нарын облусу | 93% | 61% | 53% | 4% | 19% | 0% |
| | Ош облусу | 88% | 54% | 42% | 11% | 10% | 2% |
| | Талас облусу | 95% | 53% | 18% | 15% | 9% | 8% |
| | Чүй облусу | 95% | 54% | 46% | 16% | 13% | 2% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 91% | 52% | 62% | 16% | 14% | 6% |
| | Айыл | 90% | 52% | 42% | 12% | 14% | 3% |
| Жынысы | Эркек | 89% | 49% | 47% | 13% | 10% | 3% |
| | Аял | 92% | 54% | 52% | 15% | 17% | 5% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 89% | 47% | 52% | 11% | 11% | 4% |
| | 30-39 | 88% | 49% | 53% | 12% | 12% | 4% |
| | 40-49 | 92% | 52% | 48% | 22% | 15% | 5% |
| | 50-59 | 92% | 59% | 47% | 15% | 19% | 2% |
| | 60+ | 93% | 61% | 39% | 12% | 16% | 7% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 93% | 53% | 73% | 18% | 18% | 6% |
| | Башка аймактар | 90% | 51% | 44% | 13% | 13% | 4% |
| B1. COVID-19 менен ооругуңуз беле? | Ооба | 92% | 43% | 68% | 26% | 20% | 4% |
| | Жок | 90% | 54% | 44% | 10% | 13% | 4% |
| | Айта албайм | 90% | 48% | 60% | 22% | 8% | 4% |

COVID-19дун кандай белгилерин билесиз?

| | | Конъюнктивит | Баш оорусу | Тез эле чарчап калуу | Териге майда жаралардын чыгышы же кол менен буттун түсүнүн өзгөрүшү | Кыйналып дем алуу/энтигүү | Көкүрөк кысылгандай болуп ооруну сезүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | | **0%** | **18%** | **30%** | **4%** | **29%** | **9%** |
| Аймактар | Бишкек шаары | 0% | 23% | 37% | 4% | 38% | 12% |
| | Ош шаары | 0% | 12% | 27% | 13% | 38% | 10% |
| | Баткен облусу | 0% | 14% | 23% | 1% | 16% | 4% |
| | Жалал-Абад облусу | 0% | 13% | 24% | 2% | 23% | 6% |
| | Ысык-Көл облусу | 0% | 16% | 32% | 2% | 39% | 10% |
| | Нарын облусу | 0% | 22% | 44% | 13% | 45% | 18% |
| | Ош облусу | 0% | 13% | 25% | 5% | 23% | 9% |
| | Талас облусу | 0% | 26% | 32% | 0% | 13% | 2% |
| | Чүй облусу | 0% | 29% | 34% | 4% | 34% | 9% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 0% | 20% | 32% | 4% | 39% | 10% |
| | Айыл | 0% | 17% | 28% | 4% | 24% | 8% |
| Жынысы | Эркек | 0% | 18% | 28% | 4% | 28% | 8% |
| | Аял | 0% | 19% | 31% | 4% | 31% | 10% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 0% | 19% | 26% | 4% | 26% | 8% |
| | 30-39 | 0% | 20% | 30% | 5% | 27% | 9% |
| | 40-49 | 0% | 14% | 32% | 3% | 36% | 9% |
| | 50-59 | 0% | 19% | 36% | 4% | 29% | 13% |
| | 60+ | 0% | 18% | 29% | 3% | 34% | 4% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 0% | 23% | 37% | 4% | 38% | 12% |
| | Башка аймактар | 0% | 17% | 28% | 4% | 27% | 8% |
| B1. COVID-19 менен оорудуңуз беле? | Ооба | 0% | 34% | 48% | 7% | 34% | 13% |
| | Жок | 0% | 16% | 25% | 3% | 27% | 8% |
| | Айта албайм | 0% | 11% | 37% | 8% | 40% | 7% |

COVID-19дун кандай белгилерин билесиз?

| | | Сүйлөө же кый-мылдоо функци-ялары бузулат | Башка-сы | Жооп бере албайм | Табит жоголот | Тердөө | Сасык тумо-онун белги-лери | Му-рундун бүтүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баары | | 0% | 6% | 2% | 4% | 2% | 4% | 2% |
| Аймактар | Бишкек шаары | 0% | 6% | 1% | 1% | 3% | 1% | 2% |
| | Ош шаары | 1% | 2% | 4% | 1% | 2% | 3% | 0% |
| | Баткен облусу | 0% | 6% | 0% | 11% | 1% | 0% | 2% |
| | Жалал-Абад облусу | 0% | 5% | 2% | 6% | 3% | 9% | 2% |
| | Ысык-Көл облусу | 0% | 5% | 2% | 5% | 4% | 7% | 7% |
| | Нарын облусу | 0% | 4% | 0% | 1% | 3% | 0% | 0% |
| | Ош облусу | 0% | 3% | 2% | 2% | 0% | 4% | 2% |
| | Талас облусу | 0% | 6% | 3% | 4% | 0% | 2% | 0% |
| | Чүй облусу | 0% | 10% | 0% | 5% | 3% | 4% | 5% |
| Калктуу конуштун тиби | Шаар | 0% | 6% | 2% | 2% | 2% | 3% | 3% |
| | Айыл | 0% | 5% | 1% | 5% | 2% | 5% | 2% |
| Жынысы | Эркек | 0% | 5% | 2% | 3% | 1% | 4% | 2% |
| | Аял | 0% | 6% | 1% | 5% | 3% | 5% | 3% |
| Жаш курак тобу | 18-29 | 0% | 5% | 2% | 2% | 1% | 6% | 3% |
| | 30-39 | 0% | 2% | 3% | 4% | 2% | 4% | 1% |
| | 40-49 | 0% | 8% | 0% | 5% | 3% | 1% | 2% |
| | 50-59 | 0% | 6% | 1% | 5% | 3% | 4% | 2% |
| | 60+ | 0% | 8% | 0% | 6% | 3% | 4% | 5% |
| 1-региондун тиби | Бишкек шаары | 0% | 6% | 1% | 1% | 3% | 1% | 2% |
| | Башка аймактар | 0% | 5% | 2% | 5% | 2% | 5% | 3% |
| B1. COVID-19 менен оорудуңуз беле? | Ооба | 0% | 9% | 0% | 4% | 7% | 1% | 2% |
| | Жок | 0% | 5% | 2% | 5% | 1% | 4% | 2% |
| | Айта албайм | 0% | 5% | 1% | 2% | 2% | 6% | 5% |

юнисеф

ар бир бала үчүн

БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ)
Чүй пр., 160, 720040
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Телефон: 996 312 611 211 +кошумча

bishkek@unicef.org
www.unicef.org/kyrgyzstan
www.facebook.com/UNICEFKyrgyzstan
www.twitter.com/unicefkg
www.instagram.com/unicefkg

©The United Nations Children's Fund (UNICEF), январь, 2021 г.